| | |
|---|---|
| | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ |
| | САПАТТУУ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ |
| | DP- 08.16 |

ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин
2025-жылдын
28-апрелиндеги
№ 7 протоколу менен
КАБЫЛ АЛЫНДЫ

ОшТУнун ректорунун
2025-жылдын
20-майыдагы
№ 124 - ИБ буйругу менен
БЕКИТИЛДИ

# ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖОГОРКУ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШКЕ АШЫРУУДА АРАЛЫКТАН БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ

## ЖОБО

**Ош – 2025**

**ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ БАРАГЫ**

| ЛНА нуска № | Өзгөртүлгөн бөлүм/пункт (бети менен) | Окумуштуулар кеңешинин протоколу №, датасы |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

Кызматтык пайдаланууга

М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин “Ош технологиялык университетинде жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу тартиби боюнча жобо” – Ош, 2025-ж., 15 б.

Түзүүчүлөр:  Турсунбаев Ж.Ж., Сатыбалдыев А.Б.

Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 28-апрелиндеги № 7 жыйынынын протоколунун негизинде бекитилген.

мазмуну

1. Жалпы жоболор....................................................................................................4
2. Максаты.................................................................................................................. 5
3. Колдонуу чөйрөсү ................................................................................................... 5
4. Платформалык талаптар ......................................................................................... 6
5. Билим берүү процессинин уюштурулушу............................................................ 8
6. Баалоо жана аттестация ......................................................................................... 11
7.Атайын муктаждыктары бар студенттер үчүн шарттар.................................... 12
8. Академиялык мобилдүүлүк.................................................................................. 13
9. Корутунду жоболор .............................................................................................. 15

**Ош технологиялык университетинде жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу тартиби боюнча Жобо**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул жобо Ош технологиялык университетинде (мындан ары – ОшТУ) жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн (бакалавриат, адис магистратура, PhD докторантура жана орто кесиптик программалар) окуу программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын (мындан ары – аралыктан окутуу) пайдалануунун шарттары менен тартибин аныктайт. Жобо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-февралындагы № 76 токтомуна ылайык иштелип чыккан

Жобо ОшТУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнө жана катышуучуларына милдеттүү түрдө колдонулат.

1.2.Аралыктан окутуу – билим берүү процессинин катышуучуларынын географиялык алыстыгына карабастан, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана телекоммуникациялык каражаттар аркылуу өз ара аракеттенүүсүнө негизделген окутуу формасы. Аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактарды, көзөмөл иштерин жана башка окуу иш-чараларын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык электрондук форматта уюштурууга болот. Ошондой эле салттуу аудиториялык окуунун айкалышындагы аралаш окутуу модели да пайдаланылышы мүмкүн.

1.3. Бул жободо төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат: **билим берүү порталы** – билим берүү процессинин катышуучуларын (окутуучуларды жана билим алуучуларды) маалыматтык ресурстарга жана окуу кызматтарына онлайн режиминде жеткирүүчү атайын маалыматтык система; **санариптик билим берүү ресурстары** – окуу процессинин дидактикалык жана усулдук максаттарына кызмат кылган цифралык форматтагы окуу материалдарынын жыйындысы (маалымат базалары, электрондук китептер, лекция тексттери, видеосабактар ж.б.). ОшТУнун учурдагы расмий билим берүү порталы – **Univer+** маалыматтык системасы.

1.4. Univer+ билим берүү порталы – бул ОшТУнун окуу процессин башкарууну автоматташтыруу жана аралыктан окутууну колдоо үчүн колдонулуучу комплекстүү программалык платформа. Univer+ аркылуу студенттерди онлайн каттоого алуу, окуу курстарынын расписаниесин түзүү, академиялык календарь жана расписаниени жарыялоо, студенттердин жана окутуучулардын контингентин башкаруу, электрондук журнал жана рейтинди жүргүзүү, окуу материалдарын жайгаштыруу, тапшырмаларды жана тесттерди онлайн берүү жана текшерүү, студенттердин жетишкендиктери боюнча маалыматтарды сактоо, китепкананын электрондук ресурстарына кирүү сыяктуу LMS (Learning management system) функциялары ишке ашырылат. Univer+ веб-порталы интернет аркылуу сутка бою жеткиликтүү болуп, бардык колдонуучуларга (администрация, окутуучулар, студенттер) өзүнүн ролуна жараша тиешелүү мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат. Univer+ ОшТУда аралыктан окутууну

жүргүзүүнүн негизги аянтчасы болуп саналат жана бардык аралыктан билим берүү иштери ушул система аркылуу уюштурулат.

**2. Максаты**

2.1.Аралыктан билим берүү технологияларын колдонуудагы негизги максат – заманбап санариптик технологиялардын жардамы менен билим берүү кызматтарын жеткиликтүү кылуу жана окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу. Аталган жобону ишке киргизүүнүн максаттары төмөнкүлөр болуп саналат:

- Студенттерге алардын жашаган жерине же эмгек ишине көз карандысыз түрдө, жеке өздөрүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша билим алууга шарт түзүү. Бул аркылуу ар бир билим алучуга жеке окуу траекториясын түзүүгө мүмкүнчүлүк берилет.
- Окутуудагы жаңы технологияларды колдонуу менен билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана окуу процессин оптималдаштыруу. Аралыктан окутуу аркылуу окуу материалдарынын жеткиликтүүлүгү кеңейип, студенттер талаптагыдай көлөмдө кошумча ресурстарга ээ боло алышат.
- Калктын кеңири катмарларына, анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген, аралыктагы аймактардагы же жумуш менен айкалыштырып окуган жарандарга сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүк берүү. Аралыктан билим берүү технологиялары билим алууга территориалдык чек араларды кыскартууга жардам берет.
- Университеттин ресурстарын (аудиториялык фонд ж.б.) рационалдуу пайдалануу жана айрым учурларда окуу чыгымдарын оптималдаштыруу. Аралыктан окутуу жүгүртүүгө киргизилгенде, аудиториялык сабактарды кыскартуунун эсебинен университеттин инфраструктуралык жүгүн азайтуу мүмкүн болот.
- Билим берүү процессинде учурдун талабына ылайык санариптик компетенцияларды калыптандыруу. Аралыктан окуу режими студенттерди да, окутуучуларды да маалыматтык технологияларды активдүү пайдаланууга шарттап, алардын санариптик көндүмдөрүн өрчүтөт.

2.2.Жобонун максаты – аралыктан окутууну уюштурууда университеттин ичиндеги бардык жагдайларды жана талаптарды бирдиктүү тартипке салыштырып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдык-ченемдик актыларына шайкеш универсалдуу эрежелерди белгилөө. Жобо аркылуу ОшТУнун академиялык саясатына аралыктан билим берүүнү интеграциялоо шарттары так аныкталат.

**3. Колдонуу чөйрөсү**

3.1.Аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу тартиби ОшТУнун бардык билим берүү деңгээлдерине жана билим берүү формаларына тиешелүү колдонулат. Жобонун талаптары ОшТУнун күндүзгү, кечки жана сырттан окуу формаларында, ошондой эле кошумча кесиптик билим берүү программаларында аралыктан окутууну уюштуруу учурларына да жайылтылат. Окуу планына ылайык айрым дисциплиналарды же модулдарды аралыктан окутуу режиминде өткөрүү жөнүндө чечим тиешелүү институттун сунушу менен университеттин Окуу-усулдук кеңешинде каралып, ОшТУнун Окумуштуу кеңеши тарабынан бекитилет.

3.2.Жобонун алкагында белгиленген тартип толук кандуу дистанттык (100% онлайн) форматта ишке ашырылган билим берүү программаларына да, салттуу

аудиториялык сабактарды аралыктан окутуу элементтери менен айкалыштырган аралаш программаларга да колдонулат. Университет ар бир конкреттүү адистик же курс боюнча аралыктан окутуунун үлүшүн жана форматын Кыргыз Республикасынын ченемдик талаптарын жана билим берүү программасынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен өз алдынча аныктайт.

3.3.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, айрым адистиктер жана кесиптик багыттар боюнча сырттан же аралыктан окутуу билим алуу мүмкүн эмес болуп саналат. Мындай адистиктердин тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 76 токтому менен бекитилген тиркемеде көрсөтүлгөн . ОшТУда ушул токтомдо каралган адистиктер боюнча аралыктан окутуу түрүндө кадырларды даярдабайт жана мындай программаларга кабыл алуу жүргүзүлбөйт.

**4. Платформалык талаптар**

4.1.ОшТУда аралыктан билим берүү процессин үзгүлтүксүз жана натыйжалуу камсыздоо үчүн зарыл болгон маалыматтык-платформалык шарттар түзүлүүгө жана сакталууга тийиш. Университеттин тиешелүү түзүмдөрү (санариптик инновациялар, маалыматтык технологиялар жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмдөрү ж.б.) аралыктан окутууга байланыштуу техникалык инфраструктура жана санариптик ресурс боюнча төмөнкү талаптарды аткарат:

- **Маалыматтык-технологиялык инфраструктуранын жеткиликтүүлүгү:** Аралыктан окутууну үзгүлтүксүз алып баруу үчүн туруктуу иштеген локалдык тармак жана ылдам интернет туташуусу, жетиштүү эсептөөчү сервердик жабдуулар жана маалыматтарды сактоо системалары камсыз болот. Университет киберкоопсуздук чараларын көрөт жана керексиз тышкы кийлигишүүлөрдөн коргоо үчүн заманбап **тармактык коргонуу дубалы** (firewall) жана антивирус системаларын колдонот. Студенттердин жана окутуучулардын аралыктан идентификацияланышы үчүн атайын аутентификация механизмдери жана зарыл учурда онлайн-прокторинг кызматтары колдонулат
- .**Билим берүүнү башкаруу системасынын болушу:** Университетте толук кандуу иштеген билим берүү маалыматтык тутуму жана веб-портал (Univer+ системасы) бар. Аталган система окуу процессин кредиттик технологиянын талаптарына ылайык автоматтык түрдө жүргүзүүгө мүмкүндүк берет жана өзүнө университеттин расмий сайтынын билим берүү бөлүгүн, электрондук окуу порталын, студенттер жана окутуучулар тууралуу маалымат базаларын жана башка тиешелүү модулдарды камтыйт. Бардык аралыктан окуу курстары ушул LMSке интеграцияланып, санариптик окуу материалдарынын бирдиктүү базасы түзүлүшү керек.
- **Маалыматтык коопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо:** Univer+ жана башка колдонулуучу платформалар Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарына ылайык иштетилет. Студенттердин жеке маалыматтары (персоналдык данные) жана академиялык жазуулары катуу корголот жана үчүнчү жактарга берилишине жол берилбейт. Система аркылуу өткөрүлүүчү бардык маалымат алмашуу шифрленген же бекем корголгон каналдар аркылуу жүзөгө ашырылат.
- **Санариптик окуу ресурстары менен камсыздоо:** Университеттеги бардык сабактар боюнча жеткиликтүү санариптик билим берүү ресурстары топтому болушу зарыл. Окутуучулар өздөрүнүн предмети боюнча электрондук

түрдө окуу-усулдук комплекс (силлабус, лекция тексттери, презентациялар, практикалык тапшырмалар, тест суроолору ж.б.) түзүп, Univer+ порталына жайгаштырат. Университеттин китепканасы негизги окуу китептеринин жана кошумча адабияттардын электрондук варианттарын же лицензияланган санариптик базаларга шилтемелерди студенттерге жеткирүүгө милдеттенет. Окуу процессинде пайдаланылуучу бардык материалдар автордук укук эрежелерин сактоо менен колдонулат.

- **Онлайн кызматтардын жеткиликтүүлүгү:** Студенттер жана окутуучулар үчүн окуу процессине байланыштуу бардык негизги санариптик кызматтар порталда каралып, аларга толук жеткиликтүүлүк камсыз кылынууга тийиш. Атап айтканда, окуу сабактарынын электрондук расписаниеси, студенттин окуудагы жетишкендиктери тууралуу маалыматы (академиялык рейтинг, упайлар), өзүн-өзү текшерүү жана баалоо инструменттери, электрондук китепкананын каталогу, администрация жана дирекция менен онлайн иш кагаздарын жүргүзүү (арыздарды, таризделген формаларды электрондук кабыл алуу) сыяктуу сервистер Univer+ аркылуу же башка интеграцияланган платформалар аркылуу иштеши керек.
- **Жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу:** Университет аралыктан окуган бардык студенттердин билим берүү порталына жана санариптик ресурстарга тең укуктуу жетүүсүн камсыз кылат. Бул үчүн ар бир кабыл алынган студентке жана окутуучуга Univer+ системасында жеке аккаунт (логин жана сырсөз) ыйгарыла тургандыгы, зарыл учурларда купуя сөз (пароль) калыбына келтирүү же техникалык жардам көрсөтүү кызматтары бар экени белгиленет. Эгер студенттер же окутуучулар тараптан керектүү жабдуулардын (компьютер, гаджет) же интернет байланышынын жоктугу сыяктуу көйгөйлөр чыкса, университет мүмкүнчүлүгүнө жараша компьютердик класстарды же башка шарттарды пайдаланууга уруксат берип, алардын окууга жеткиликтүүлүгүн колдоого алат.
- **Өзгөчө муктаждыктары бар студенттер үчүн шарттар:** Университет ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү же өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар студенттердин аралыктан билим алуусу үчүн атайын шарттарды түзүүгө милдеттүү . Бул жөнүндө кененирээк маалымат Жобонун тиешелүү бөлүмүндө (7-бөлүм) баяндалат. Техникалык жактан алганда, UniVer+ платформасы мүмкүнчүлүгү чектелген колдонуучуларга ылайыкташтырылган функцияларды (мисалы, начар көргөндөр үчүн чоң шрифт режими, экран окуу программалары менен шайкештик, уга албагандар үчүн видеолорго субтитр кошуу мүмкүндүгү) камсыз кыла алат же альтернативдик чечимдер сунушталат.
- **Сапатты ички мониторинг кылуу:** Университет аралыктан көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтарынын сапатын көзөмөлдөө жана жакшыртуу боюнча ички мониторинг системасын жүргүзүп турууга тийиш. Бул системанын алкагында студенттердин канааттануу деңгээли жөнүндө сурамжылоолор, окутуу натыйжаларын талдоо, онлайн сабактардын жүрүшүн педагогикалык көзөмөлдөө жана методикалык колдоо сыяктуу иш-чаралар жүргүзүлөт. Жыйынтыктардын негизинде аралыктан окуу процесси боюнча сунуш-пикирлер иштелип чыгып, зарыл болсо, Жобого же окутуу ыкмаларына өзгөртүүлөр киргизилет.

**5. Билим берүү процессинин уюштурулушу**

5.1. **Окуу процессин пландоо:** Аралыктан окутууну пайдаланып билим берүү программаларын жүргүзүүдө окуу процессин пландоо ОшТУнун окуу-

жумушчу пландарына ылайык ишке ашырылат. Ар бир академиялык предмет (дисциплина) боюнча силлабус жана календардык-тематикалык пландар даярдалат, анда аралыктан өтүүчү темалар, сабактын түрү (онлайн лекция, вебинар, виртуалдык лаборатория ж.б.) жана көзөмөл формалары көрсөтүлөт. Жадыбал түзүүдө аралыктан окутуунун өзгөчөлүктөрү (мисалы, бир эле окутуучунун бир күндө өтүүчү онлайн сабактарынын саны, экран алдындагы убакытты оптималдаштыруу) эске алынат. Окуу бөлүмү жана дирекция аралыктан сабактардын расписаниесин түзүп, алдын ала студенттерге жана окутуучуларга маалымдайт. Онлайн сабактар кадимки сабактардай эле белгиленген убакыт режиминде өтүлүп, кошумча түрдө сабактын жаздыруусу кийин платформада жеткиликтүү болушу мүмкүн.

5.2.**Окуу-усулдук камсыздоо:** Аралыктан окутуу форматында өткөрүлүүчү ар бир дисциплина боюнча электрондук окуу-усулдук комплекс даярдалат. Ага предметтин силлабусу, лекциянын тексттери же презентациялары, практикалык жана лабораториялык иштер боюнча нускамалар, тапшырмалардын шарттары, тест суроолору жана адабияттардын тизмеси кирет. Бул материалдардын баары Univer+ порталынын тиешелүү курсуна жүктөлүп, семестр башталганга чейин студенттер үчүн жеткиликтүү болот. Материалдардын мазмуну жана сапаты үчүн ошол курсту алып баруучу окутуучу же кафедра жооптуу болот. Электрондук материалдар зарыл учурда окуу мезгилинде жаңыланып же толукталып турат. Санариптик билим берүү ресурстары жеткиликтүү болбогон учурларда (мисалы, сейрек кездешүүчү адабияттар) университеттин китепканасы жана окутуучулар альтернативдүү ресурстарды табууга же өздөрү даярдап, цифралаштырууга аракет кылышат. Окутуучулардын аралыктан окутуу үчүн даярдаган автордук электрондук материалдарына болгон укуктар Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик мыйзамдарына ылайык корголот жана алардын уруксатысыз үчүнчү жактарга таратууга жол берилбейт.

5.3. **Окутууну алып баруу ыкмалары:** Аралыктан окутуу процессинде түрдүү форматтагы технологиялар колдонулат. Негизги аралыктан окутуу технологияларына *кейс-технология* (студенттерди окуу-усулдук материалдар жыйнагы – “кейс” менен камсыз кылуу жана белгиленген график боюнча консультацияларды уюштуруу), *интернет-технология* (глобалдык тармактагы веб-портал, электрондук почта, форум, чат аркылуу өз ара аракеттенүү) жана *телекоммуникациялык технология* (спутниктик байланышты же видеоконференцияны колдонуу менен синхрондук интерактивдүү сабактарды өткөрүү) кирет. ОшТУнун аралыктан окутуу системасында негизинен интернет-технологиялар басымдуу колдонулат (Univer+ платформасы жана зарыл учурда кошумча веб-сервис колдонуу). Сабактар негизинен видеоконференция режими аркылуу (Zoom, Google Meet же платформанын өзүнүн видео-кызматы аркылуу) же даярдалган видеолекцияларды жайгаштыруу түрүндө өтүлөт. Керек кезде форум, чат, электрондук почта аркылуу окуу талкуулары жана суроо-жооптор уюштурулат. Практикалык жана лабораториялык иштерди жүргүзүү үчүн виртуалдык лабораториялар, симулятор-программалар же долбоордук иштер түрүндөгү тапшырмалар колдонулат. Бардык окуу ишмердүүлүгү (сабакка катышуу, тапшырмаларды аткаруу ж.б.) Univer+ аркылуу каттоого алынат жана көзөмөлдөнөт.

5.4. **Окутуучулардын милдеттери:** Аралыктан окутууну жүргүзгөн педагогикалык кызматкерлер тийиштүү даярдыктан өткөн жана жетиштүү санариптик компетенцияларга ээ болуулары шарт. ОшТУ окутуучуларын аралыктан окутуу усулдарына үйрөтүү үчүн үзгүлтүксүз семинар-тренингдерди уюштурат. Ар бир окутуучу аралыктан өтүлүүчү курсу боюнча төмөнкү милдеттерди аткарат:

- Окуу курсуна тиешелүү бардык электрондук материалдарды өз убагында даярдоо жана платформага жүктөө.
- Сабактарды бекитилген расписание боюнча онлайн режиминде өткөрүү, же эгер сабак асинхрондук форматта болсо, материалды белгиленген мөөнөттө жайгаштыруу.
- Студенттер менен үзгүлтүксүз байланышта болуу: платформадагы билдирүүлөргө, электрондук почтага өз убагында жооп берүү, консультацияларды уюштуруу. Окутуучу атайын консультация үчүн да онлайн убакыт белгилеп, алдын ала жарыялайт.
- Студенттердин аралыктан окуудагы жүрүшүн (прогрессин) көзөмөлдөө: белгиленген тапшырмаларды аткаруу динамикасын, сабактарга катышуусун текшерип туруу. Univer+ системасындагы мониторинг инструменттери аркылуу ар бир студенттин окуу ишмердүүлүгү (кирген-чыккан убакыттары, көргөн материалдары, тапшырма тапшыруу убактысы ж.б. санариптик изи) байкоого алынат жана талданат.
- Аралыктан окууда академиялык тартипти сактоону контролдоо: студенттердин өз алдынча иштерин аткаруусуна көз салуу, кандайдыр бир академиялык адеп бузуулар (мисалы, башка бирөөнүн иштерин көчүрүү, алдамчылык) аныкталса, тиешелүү чараларды көрүү.
- Окуу жыйынтыктары боюнча өз убагында баа коюу жана натыйжаларды студенттерге билдирүү. Аралыктан тапшырылган иштерге мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө пикир жазып туруу студенттердин мотивациясын сактоого жардам берет.
- Техникалык же уюштуруу маселелер жаралса, тиешелүү административдик кызматтар менен байланышуу (мисалы, студент платформадан өтө албай жатса, техникалык колдоого билдирүү, же студент окууга узак убакыт катышпай калса, дирекцияга маалымдоо ж.б.).

5.5. **Студенттердин милдеттери:** Аралыктан окуу режиминде билим алган студенттер да өздөрүнө белгилүү жоопкерчиликтерди алышат. Атап айтканда:

- Окуу дисциплиналарынын силлабустары жана расписаниеси менен кунт коюп таанышуу, бардык онлайн сабактарга өз убагында кошулуу. Сабакка кечигүү же катышпай калуу дисциплинардык тартиптин бузулушу катары каралып, жалпы жетишкендиктерине таасир этет.
- Univer+ платформасында жеке аккаунтун активдүү пайдалануу, керектүү маалыматтарды өз алдынча текшерип туруу (жарыяланган сабак материалдары, тапшырмалар жана мөөнөттөрү, жарыялар). Платформанын маалымдамасын такай окуп, жаңылыктардан кабардар болуу.
- Өз алдынча окуу тартибин кармануу: аралыктан окууда убакытты туура бөлүштүрүү, берилген тапшырмаларды белгиленген дедлайнга чейин даярдоо.

Эгер түшүнбөгөн маселелер болсо, окутуучуга же кураторго өз убагында кайрылуу.

- Академиялык чынчылдыкты сактоо: бардык өз алдынча иштерди (тест, эссе, долбоор ж.б.) өзү аткаруу, шпаргалка колдонбоо, башка бирөөнүн эмгегин көчүрбөө. Тапшырмаларды аткарууда колдонулган маалымат булактарын туура көрсөтүү жана шилтеме берүү. Аралыктан экзамендерде өзүнүн инсандыгын аныктоочу эрежелерди аткаруу (камерага көрүнүү, документ көрсөтүү ж.б. талаптар).
- Онлайн этикеттин нормаларын сактоо: видеосабак учурунда этикалык жүрүм-турум (бөтөн үндөрдүн чыкпашы үчүн микрофонду өчүрүү, сүйлөп жатканда сылык формада кайрылуу, чатты колдонгондо сылык сөздөрдү колдонуу ж.б.). Платформа ичиндеги форум же чаттарда бир-бирине урмат-сый менен мамиле кылуу, кемсинтүү же уят сөздөрдү колдонбоо.
- Техникалык талаптарды камсыздоо: мүмкүндүгүнчө жеке компьютери же смартфону жана интернет байланышынын турушун көзөмөлдөө. Эгер күтүүсүз техникалык көйгөйдөн улам сабакка катыша албай калса же тапшырма өз убагында жибере албаса, дароо окутуучуну кабардар кылуу жана мүмкүн болсо, далилдөө (мисалы, скриншот аркылуу).

5.6.**Мониторинг жана колдоо:** Аралыктан окуу процессинде студенттердин сабактарды өздөштүрүүсүнө жана катышуусуна тынымсыз мониторинг жүргүзүлөт. Univer+ LMS системасы аркылуу ар бир студенттин санариптик окуу изи катталып турат жана бул маалыматтар негизинде окутуучу же куратор студенттин окуудагы активдүүлүгүн талдай алат. Мисалы, белгилүү бир студент белгиленген материалдарды карап чыкпаганы же тапшырмаларды кечиктирип тапшырып жатканы байкалса, окутуучу индивидуалдуу негизде ал студент менен байланышып, кошумча түшүндүрмө же кеңеш берет. Университетте аралыктан окуган студенттер үчүн атайын консультациялык колдоо механизми каралган – ар бир топко куратор же координатор бекитилет, ал студенттерге административдик маселелер боюнча (каттоо, расписание, экзамен графиги ж.б.) жардам көрсөтөт. Техникалык маселелер боюнча (мисалы, платформага кирүү көйгөйү) университеттин маалыматтык колдоо кызматы иш алып барат, ага платформанын өзүндөгү байланыш формасы же телефону аркылуу кайрылууга болот.

5.7.**Аралыктан окуунун чектери:** Аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен уюштурулган окуу процесси жалпы алганда салттуу окуу процессине теңдеш болгондуктан, студенттердин академиялык жетишкендиктерине жана чыгарылыштагы квалификациясына бирдей талаптар коюлат. Ошол эле учурда, айрым практикага багытталган компоненттерди өтүүдө (мисалы, өндүрүштүк практика, диплом алдындагы практика ж.б.) студенттерден окуу жайда же тиешелүү мекемеде офлайн катышуу талап кылынышы мүмкүн. Мындай учурлар билим берүү программасында каралат жана студенттер алдын ала кабардар кылынат. Аралыктан окутууда кыйынчылык жараткан же материалдык-техникалык базаны талап кылган иш-чаралар (мисалы, атайын лабораториялык жабдуулар менен эксперименттер) ОшТУнун тиешелүү кафедралары тарабынан окуу жайдын шартында, коопсуздук жана санитардык нормаларды сактоо менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Мындай учурларда университет студенттердин катышуусун

уюштуруу үчүн алдын ала графикти макулдашып, жатакана сыяктуу маселелерде мүмкүн болушунча көмөк көрсөтөт.

**6. Баалоо жана аттестация**

6.1.**Учурдагы көзөмөл (аралык баалоо):** Аралыктан окутууда студенттердин билимин текшерүү жана баалоо үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турат. Окуу предметинин өзгөчөлүгүнө жараша окутуучу учурдагы контролдоонун түрлөрүн белгилейт – мисалы, онлайн тесттер, практикалык тапшырмаларды аткаруу, форумда талкууга катышуу ж.б. Ар бир тапшырма боюнча баалар жана пикирлер (комментарийлер) Univer+ системасына киргизилет, студенттер аларды жеке кабинетинен көрө алышат. Учурдагы тапшырууларды автоматташтыруу үчүн LMSтин тест түзүү, тапшырма тапшыруу модулдары активдүү пайдаланылат. Тесттер убакыт чектөөсү менен өткөрүлөт жана суроолордун тартиби кокустуктан берилиши мүмкүн. Бул академиялык адилеттүүлүктү сактоого жардам берет. Практикалык иштерди студентин өзү аткарганын текшерүү үчүн окутуучу кошумча оозеки суроо берүү же видеоконференция аркылуу кыскача маек жүргүзүү укугуна ээ.

6.2.**Аралык аттестация (сессия):** Семестр аягында белгиленген экзамендик сессия аралыктан форматта өткөрүлүшү мүмкүн. Экзамендер жана дифференцияланган сынактар Univer+ платформасынын атайын модулу аркылуу же башка ишенимдүү онлайн кырдаалда жүргүзүлөт. Экзамендин форматы (тест, жазуу иши, оозеки сурамжылоо же комбинирленген) кафедра тарабынан аныкталып, экзамен ведомостуна чейин маалымдалат. Онлайн экзамен учурунда студенттин өздүгүн текшерүү жана көзөмөлдөө максатында платформанын **онлайн-прокторинг** мүмкүнчүлүктөрү колдонулат– студент камерасы жана микрофону иштеген абалда тапшырманы аткарат, системага жаздыруу жүрөт же реалдуу убакытта көз салуу уюштурулат. Экзамен учурунда бөгөт коюлган сайттарга кирбөө, башка адамдардын жардамына таянбоо сыяктуу талаптар катуу эскертилет. Эгер онлайн-прокторингде же кийин видеожазууну карап чыгууда студенттин белгиленген эрежелерди бузганы тастыкталса, анын экзамен жыйынтыгы жокко чыгарылышы мүмкүн жана ички тартип жоболорунда каралган чаралар колдонулат.

6.3. Ар бир семестрде студенттердин билим деңгээлин баалоо университеттин №34 жобосуна ылайык жүргүзүлөт.

6.4.**Корутунду мамлекеттик аттестация:** Билим берүүнүн акыркы этабында жүргүзүлүүчү мамлекеттик аттестация (бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик экзамендери жана дипломдук ишти/диссертацияны (бүтүрүүчү квалификациялык жумуштарды коргоо) мүмкүн болушунча университетте салттуу түрдө уюштурулат. Бирок өзгөчө жагдайларда (мисалы, өзгөчө абал же форс-мажор шарттары, же чет өлкөдө болуу ж.б.) бүтүрүүчүнүн дипломдук коргоону аралыктан видео-конференция режиминде жүргүзүүгө уруксат берилиши мүмкүн. Мындай чечимди ОшТУнун жетекчилиги тиешелүү негиздерди карап чыгуу менен кабыл алат. Аралыктан мамлекеттик аттестация өткөрүлгөн учурда дагы идентификациялоо, көзөмөл жана баалоонун объективдүүлүгү максималдуу деңгээлде камсыздалышы керек. Аттестациялык комиссия мүчөлөрү онлайн режиминде катышып, бүтүрүүчүнүн презентациясын угушат жана суроо-жооп

өткөрүшөт. Жыйынтык чечим протоколго киргизилип, кадимкидей тартипте бекитилет.

6.5. **Баалоо критерийлери жана натыйжаларын каттоо:** Аралыктан окууда студенттердин билимин баалоо критерийлери жана шкаласы ОшТУнун жалпы академиялык саясатында белгиленген талаптарга (№34- жобого) ылайык болот. Ар бир тапшырманын упайы же баасы LMSке киргизилгенден кийин автоматтык түрдө жалпы жетишкендик журналына кошулат. Студенттер бардык бааларын реалдуу убакытта көрүп, өз жетишкендик деңгээлин талдай алышат. Семестрдин соңунда академиялык жетишкендиктер тууралуу транскрипт кадимкидей тартипте түзүлүп, катчылык же дирекция тарабынан бекитилет. Аралыктан алынган баалардын салмагы, мааниси кадимки шарттагы бааларга барабар. Эгер студент кандайдыр себептер менен аралыктан экзаменге катыша албай калса же канааттандырарлык эмес баа алса, ОшТУнун экзамендик саясатында каралган кайра тапшыруу (пересдача) эрежелери аралыктан дагы колдонулат (мисалы, кайра тест тапшыруу үчүн өзүнчө убакыт белгилөө).

6.6. **Атайын категориядагы студенттердин баалоосу:** Өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар же ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү студенттер үчүн баалоо жана аттестация шарттары алардын өзгөчө муктаждыгына ылайыкташтырылышы мүмкүн. Мисалы, көзү начар көргөн студенттер үчүн тест суроолорун аудио форматында берүү, дүлөйлөр үчүн оозеки экзамендин ордуна жазуу форматында аткаруу, же муундардын функциясы начар студенттерге тапшырма аткарууга кошумча убакыт берүү сыяктуу жеңилдиктер каралат. Мындай ылайыкташтырууларды жүргүзүү тартибин университеттин экзамендик комиссиясы же методикалык кеңеши аныктайт жана студенттерге алдын ала маалымдайт. Жалпысынан, баалоонун бардык студенттер үчүн адилет жана объективдүү болушуна өзгөчө көңүл бурулат.

## 7. Атайын муктаждыктары бар студенттер үчүн шарттар

7.1. ОшТУ өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар студенттердин (ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү же майыптыгы бар, узак убакытка ооруп жаткан ж.б. студенттердин) аралыктан билим алуусуна ылайыктуу шарттарды түзүүнү камсыздайт. Бул шарттар техникалык да, академиялык да колдоолорду камтыйт. Университетте инклюзивдик билим берүү боюнча жооптуу кызматкер же бөлүм иш алып барып, мындай студенттердин муктаждыктарын координациялайт.

7.2.**Техникалык жеткиликтүүлүк:** Өзгөчө муктаждыгы бар студент платформаны колдонууда кыйынчылыкка туш келбеши үчүн Univer+ порталы мүмкүн болушунча жеткиликтүүлүктүн эл аралык стандарттарына шайкештирилет. Мисалы, экранды үн аркылуу “окуган” программаларды колдонгон студенттер үчүн тексттик альтернативалар, сүрөттөргө сүрөттү сүрөттөөчү текст (alt-тегдер), видеолорго субтитр жана аудио транскриптилер каралган. Эгер платформада айрым мүмкүнчүлүктөр жок болсо, ОшТУ аларды кошумча плагиндер аркылуу кеңейтет же альтернативдик платформаны пайдаланат. Мисалы, онлайн сабактардын жаздыруусуна автоматтык субтитр кошуу үчүн башка сервиске кайрылуу ж.б. Ушундай эле учурда, студенттин өзү колдонгон жабдуусу же программалары менен туура иштешине көмөктөшөт. Техникалык маселелер боюнча мындай студенттерге тез жооп берүү үчүн атайын жооптуу адис белгилениши мүмкүн.

7.3. **Окуу процессин ылайыкташтыруу:** Өзгөчө муктаждыктары бар студенттердин окуу жүгүн жана графигин мүмкүн болушунча жекелештирүү практикаланат. Окутуучулар мындай студенттерге тапшырма берүүдө алардын ден соолугунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен альтернативдик тапшырмаларды же убакытты узартуу сыяктуу шарттарды сунуш кыла алышат. Маселен, колу менен жазуу кыйын болгон студентке тестти оозеки формада өтүүгө уруксат берүү, же угуу боюнча проблемасы бар студентке видео лекциянын ордуна тексттик материалдарды берүү сыяктуу. Мындай өзгөчө шарттар алдын ала кафедра, дирекция жана университеттин тиешелүү кызматы тарабынан макулдашылат жана документтештирилет. Студенттин өзү да кандай көмөк же ыңгайлашуу зарыл экенин администрацияга айтууга тийиш.

7.4. **Колдоочу кызматтар:** Университет ден соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелүү студенттерге психологдордун, тьюторлордун же кураторлордун колдоосун сунуштайт. Аралыктан окуунун жүрүшүндө мындай студенттер менен байланышып, кошумча көмөк көрсөтүү үчүн ар бирине куратор дайындалышы мүмкүн. Мисалы, куратор студентке окуу материалдарын жеткирүүдө жардам берет же белгилүү бир кызматты алуу үчүн (жеке сабактар, реабилитациялык паузалар ж.б.) окуу бөлүмү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт. ОшТУ ошондой эле сырттан мекемелер (мисалы, көзү азиздер коомунун адистери,жаңсоо тилинин адистери) менен кызматташып, керектүү учурда алардын кызматын пайдаланат.

7.5.**Физикалык чөйрө:** Эгер өзгөчө муктаждыктагы студенттер университетке кээде келүүгө муктаж болсо (мисалы, практикалык экзаменге), ОшТУнун имараттарында алар үчүн шарттар (пандустар, лифттер, атайын жабдыктар) каралган. Университеттин бардык негизги окуу корпустары мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын кирип-чыгышына ыңгайлаштырылган. Мындай студенттер окуу жайга келгенде коштоп жүрүүчү кызматкер (волонтёр же университеттин кызматкери) дайындалышы мүмкүн.

7.6. **Маалымат жеткирүү:** Өзгөчө муктаждыгы бар студенттер үчүн маанилүү болгон бардык маалыматтар (мисалы, ушул жобонун өзү, окуу жадыбалдары, буйрук ж.б.) жеткиликтүү форматта да сунушталат. Зарыл болсо, документтердин чоң шрифт менен басылган же Брайл ариби менен жазылган варианты, жеңил тилде түшүндүрмөсү же жаңсоо тилиндеги видеотүшүндүрмөлөрүн камсыздоо каралган. Университеттин расмий сайты жана LMS порталындагы маалымдамалар да жеткиликтүүлүктүн эл аралык эрежелерине ылайыктап түзүлгөн.

## 8. Академиялык мобилдүүлүк

8.1.ОшТУнун студенттери академиялык мобилдүүлүк программаларына (республикалык же эл аралык алмашуу программалары, кош диплом программалары ж.б.) катышкан учурларда, алардын окуу процессине тоскоолдук жаратпоо үчүн аралыктан окутуу технологиялары колдонулушу мүмкүн. Тактап айтканда, сыртка кеткен (чыгып кеткен) студенттер белгилүү бир предметтерди ОшТУдан аралыктан окуусун уланта алышат же тескерисинче, сырттан келген (алмашуу боюнча келген) студенттер өз окуу жайындагы сабактарды аралыктан ала алышат. Мындай учурларда окуу планынын аткарылышы жана предметтердин өздөштүрүлүшү көзөмөлгө алынат.

8.2.Академиялык мобилдүүлүк программалары боюнча аралыктан окутууга өтүү же катышуу тартиби ОшТУ тарабынан өз алдынча аныкталат. Ар бир конкреттүү программа боюнча (мисалы, Erasmus+ алкагындагы алмашуу) ректорат же эл аралык байланыш бөлүмү тиешелүү жол-жобону иштеп чыгат. Анын ичинде:

- Академиялык мобилдүүлүккө жөнөп жаткан ОшТУнун студенти университетте өтүлүүчү айрым курстарды аралыктан окууну кааласа, ал адегенде дирекцияга арыз менен кайрылат. Университет анын ошол предметтерди онлайн режиминде окуусуна уруксат берүү же бербөө чечимин кабыл алат. Эгер уруксат берилсе, студентке тиешелүү онлайн сабактарга каттоо жүргүзүлүп, тапшырмаларды алыстан тапшыруусу камсыздалат.
- ОшТУга четтен келип аралыктан окуй турган студенттер үчүн керек болсо, Univer+ системасына убактылуу аккаунттар берилип, аларга окуу материалдарына кирүү укугу ачылат. Мындай студенттердин окуу жүктөмү жана баалоосу жалпы талаптарга ылайык аткарылат жана алардын алган кредиттери (ECTS же улуттук кредиттер) таанылышы үчүн академиялык маалымкат дайындалат.
- Академиялык мобилдүүлүк шартында аралыктан окууга байланыштуу бардык уюштуруу маселелер (каттоо, график, байланыш адамдары, баалоо механизми) атайын келишим же буйрук аркылуу бекитилет. Мисалы, студент менен ОшТУнун ортосунда индивидуалдуу окуу пландын аткарылышы боюнча келишим түзүлүшү мүмкүн.

8.3. Академиялык мобилдүүлүккө байланыштуу аралыктан окутуунун сапатын камсыздоо үчүн ОшТУ кошумча чараларды көрөт. Алмашуу программасындагы студенттер үчүн онлайн менторлор же координаторлор дайындалып, алардын алыста жүрүп окуудагы суроолоруна жардам берет. Ошондой эле мындай студенттердин билим алуу жетишкендиктери боюнча дайыма отчеттук маалымат алмашуу жүргүзүлүп, керектүү учурда окуу планына түзөтүүлөр киргизилет. Мисалы, башка ЖОЖдогу айрым курстардын мазмуну биздин программага туура келбей калса, студентке кошумча тапшырмалар берилет же альтернативдүү курс белгиленет. Бул иштердин баары студенттин кызыкчылыгын коргоо жана анын академиялык ийгилигин камсыздоо максатында жүргүзүлөт.

8.4.Академиялык мобилдүүлүк программалары аяктагандан кийин студенттин алыста окуп жүрүп алган кредиттери жана баалары тиешелүү тартипте таанылат (перезачёт). Университеттин адистештирилген комиссиясы студент алып келген академиялык транскриптти карап чыгып, анын негизинде эквиваленттүү дисциплиналар боюнча академиялык айырмачылыкты жоюу маселесин чечет. Эгер бардык предметтер толук жабылса, студент кадимки нукта окуусун улантат; эгер айырмачылык болсо, кошумча сабактарды алуу мүмкүнчүлүгү берилет. Жалпысынан, аралыктан окутуу аркылуу алынган билим академиялык мобилдүүлүк контекстинде толук бааланат жана расмий таанылат.

**9. Корутунду жоболор**

9.1.Бул Жобо Ош технологиялык университетинин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилип, ректордун буйругу чыккан күндөн тартып күчүнө кирет. Жобонун аткарылышын көзөмөлдөө ОшТУнун жетекчилигине жана тиешелүү түзүмдөрүнө тапшырылат. Университеттин бардык кызматкерлери жана студенттери жобонун талаптары менен таанышып чыгууга милдеттүү. Жобонун

пункуттары аткарылбаса же бузулса, университеттин ички тартибине ылайык чаралар көрүлөт.

9.2.Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү зарылчылыгы келип чыкса (мисалы, мыйзамдарга өзгөрүү кирсе же аралыктан окутуунун жаңы технологиялары пайда болсо), алар ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин сунушу менен же тиешелүү проректордун демилгеси боюнча каралып, ошол эле тартипте бекитилет. Жобонун актуалдуу версиясы ОшТУнун расмий сайтында жана Univer+ порталында жарыяланат.

9.3. Жободо камтылбаган маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзам актыларына, билим берүү министрлигинин буйруктарына жана ОшТУнун ички локалдык актыларына ылайык чечим кабыл алынат. Атап айтканда, аралыктан билим берүүнү уюштурууда күтүүсүз кырдаалдар (табигый кырсыктар, өзгөчө абал ж.б.) жаралса, Кыргыз Республикасынын билим берүү бийлигинин көрсөтмөлөрүнө жана ОшТУнун антикризистик пландарына ылайык иш жүргүзүлөт.

9.4.Жобонун талаптарын аткаруу менен ОшТУ аралыктан билим берүүнү мыйзам чегинде жана сапаттуу деңгээлде жүзөгө ашырууга умтулат. Аралыктан окутуунун өнүгүшү менен бирге, университеттин маалыматтык билим берүү чөйрөсү да өркүндөтүлүп, студенттерге заманбап шартта ийгиликтүү билим алууга мүмкүнчүлүк түзүлмөкчү.